КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

XXVIII чакырылышындагы Барскоон жергиликтүү кенешинин 2 кезектеги сессиясынан

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 18-апрелиндеги № 8** **Барскоон айылы**

**Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн балансасында турган Мерседес-Бенц 316 үлгүсүндөгү автоунаасы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Тамга жалпы орто билим берүү мектебинин 2024-жылдын 15-апрелиндеги чыгыш № 126 кайрылуусун жергиликтүү кеңешинин депутаттары карап жана талкуулап чыгып, Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Тамга айыл аймагынын айыл өкмөтүнө тиешелүү ижарага берилген чыгарылган жылы 2003, катталган номуру: 09KG043AC техникалык талондун номуру КР №0060155 өңү: ак, кыймылдаткыч көлөмү: 2685 см$^3$ Мерседес-Бенц 316 үлгүсүндөгү автоунаасы кайрадан Тамга жалпы билим берүү мекемесине өткөрүлүп берилсин жана төмөндөгүдөй комиссия курамы түзүлсүн:

1. Ибаков М. – жергиликтүү кеңешинин төрагасы, комиссиянын төрагасы;
2. Шабданбаева Н. – жергиликтүү кеңешинин катчысы, комиссиянын катчысы;
3. Мамбеталиева М. – жергиликтүү кеңешинин депутаты, комиссиянын мүчөсү;
4. Ниязбек у.К. – жергиликтүү кеңешинин депутаты, комиссиянын мүчөсү;
5. Токтогонов М. – Барскоон айыл өкмөтүнүн юристи, комиссиянын мүчөсү;
6. Саалаева А. – Тамга жалпы билим берүү мекемесинин мүдүрү, комиссиянын мүчөсү;
7. Акжолтой у.М. - жалпы билим берүү мекемесинин чарбалык иштер боюнча директордун орун басары, комиссиянын мүчөсү;
8. Усенбаева Б. – ата-энелер комитети, комиссиянын мүчөсү;
9. Жайлокеев М. – профсоюз уюмунун жетекчиси, комиссиянын мүчөсү;
10. Асылбеков К. - ижарачы, комиссиянын мүчөсү;
11. Конушбеков М. – Тамга айыл башчысы, комиссиянын мүчөсү;

2. Өткөрүп алынган кызматтык автоунааны мындан ары камсыздоо, сапаттуу сактоо, жана максаттуу пайдаланышын көзөмөлдөө жагы Тамга жалпы билим берүү мекемесинин мүдүрү А.Саалаевага милдеттендирилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб-сайтына жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы социалдык маселелер боюнча жана финансы-экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссияларына, айыл өкмөтүнүн башчысы А.Асанбаевге тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ибаков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына -1 нуска, юстицияга – 2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, төрага -1 нуска, баардыгы- 5 нуска